**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР** |

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VIII сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 2 ТОКТОМ**

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл айыл аймагынын айылдарынын аталыштарын өзгөртүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын администрациялык -аймактык түзүлүшү жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзамдарынын, Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Ч.Эшиевдин 24.09.2025-жылдын №01-13-1639 сандуу кайрылуусунун негизинде Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу При-Савай, Казак, Тойчу, Чоок калктуу конуштарынын аталыштары жоюлуп, айылдардагы калк арасында болуп өткөн жыйындардын №1 протоколдорунун негизинде Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши карап жана талкууга алып

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу “Тойчу” калктуу конушуна-Тойчулук айылы, Беш-Кепе калктуу конушуна- Беш-Кепе айылы, Кожом-Бак калктуу конушуна-Кожом-Бак айылы, Зымырык калктуу конушуна-Зымырык айылы, Казак калктуу конушуна- Орто-Сай айылы, Чоок калктуу конушуна - Келечек айылы макамын берүүгө макулдук берилсин.

2. “Присавай” айылынын аталышы расмий тилде болгондугуна байланыштуу “Биримдик” айылы деп атоого макулдук берилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Ч.Эшиевке жүктөлсүн.

4. Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин укук, коомдук тартип, мыйзамдуулук жана административдик иштер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**ОТУЗ-АДЫР**

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VIII сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 3 ТОКТОМ**

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-2030-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасын бекитүү жөнүндө**

Ош облусунун Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-2030–жылдарга СЭӨП программасын айыл аймагынын айылдык кеңештин депутаттарынын кезектеги сессиясында карап чыгып жана талкууга алып, Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-2030-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын планын бекитүүгө макулдук берилсин.

2. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Ч.Эшиевке жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңештин тиешелүү туруктуу комиссияна тапшырылсын.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VIII сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 4 ТОКТОМ**

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**“Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Колот айылындагы № 136 С. Карыбеков атындагы жалпы билим берүү негизги мектеби мекемесине класс ачуу жөнүндө”**

Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Колот айылындагы № 136 С. Карыбеков атындагы жалпы билим берүү негизги мектеби мекемеси Сары-Колот айылындагы №95 К.Жантошев орто мектебинен 4 чакырым алыстыкта жайгашкандыгына байланыштуу, жашаган тургундардын, мектеп директорунун жана Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 25-сентябрындагы кайрылуусунун негизинде кошумча класстарды ачуу максатында Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши талкуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Отуз-Адыр айыл аймагына караштуу Ак-Колот айылындагы №136 С.Карыбеков орто мектебине төмөндөгү класстарды 2025-2026-окуу жылында

- 1-кл-11 окуучу

- 2-кл-14 окуучу

- 2-кл-14 окуучу

- 3-кл-17 окуучу

4-кл- 17 окуучуга ачууга макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин билим берүү, медицина, маданият жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн .(А.Токтоназарова)

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**ОТУЗ-АДЫР**

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VIII сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 5 ТОКТОМ**

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Айтикулова Назирага 40,0 (кырк миң) сом материалдык жардам көрсөтүү жөнүндө**

Отуз-Адыр айылынын тургуну Айтикулова Назиранын небереси тубаса жүрөк кемтиги менен төрөлгөн тез арада операция жасатууга акчалай жардам сурап арыз жазган. Жаранды материалдык жактан колдоо үчүн арызды карап чыгып, талкуулап Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Айтикулова Назирага 40,0 (кырк миң) сом материалдык жардам көрсөтүүгө макулдук берилсин.

3. йАкча каражатын бөлүп берүү жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Г.Атамбиевага милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
|---|---|---|

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VIII сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 6 ТОКТОМ**

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл чарба багытындагы жерлерин социалдык объект курууга макулдук берүү жөнүндө**

Отуз-Адыр айыл аймагынын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу максатында социалдык жана өндүрүштүк багыттагы объектилерди куруу үчүн "Айыл чарба жерлери" категориясындагы жерлерди "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына котоpуу (трансформациялоо) үчүн Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун котоpуу жөнүндө" мыйзамынын 1-главасынын 3-беренесине жана Жер Кодексинин 2-главасынын 13-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ак-Колот айылындагы № 924 контурундагы 0,40 га жер аянты айыл чарба багытынан социалдык объект (Футбол аянтчасын) курууга макулдук берилсин

2. Ынтымак айылындагы № 927 контурундагы 2,50 га жер аянты айыл чарба багытынан социалдык обьект (ФАП, Бала бакча) курууга макулдук берилсин

3. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Ч.Эшиевке жүктөлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңештин тиешелүү туруктуу комиссияна тапшырылсын.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
|---|---|---|

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VIII сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 7 ТОКТОМ**

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынынын Ак-Колот айылындагы “Сүйкүмтай” бала бакчасына кошумча тайпа кошуу жөнүндө**

Ак-Колот айылында бала-бакчага бара турган балдардын саны кобойгондүктөн, ата-энелердин кошумча тайпа ачуу үчүн суроо талабы өскөндүктөн Кыргыз Республикасынын Министирлер кабинетинин №257 токтомуна ылайык, бир тайпадагы максималдуу балдардын саны чектелгенине байланыштуу. Кошумча тайпа ачуу зарылдыгы келип чыккан. Жогорудагы маалыматтарды эске алып Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2025-2026-жж окуу жылына карата “Сүйкүмтай” мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча тайпа ачууга макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы Д.Атанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
|---|---|---|

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VIII сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

# № 8 ТОКТОМ

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынынын Шерали айылындагы “Келечек шамы” бала бакчасына кошумча тайпа ачуу жөнүндө**

Шерали айылында бала-бакчага жашына жеткен балдардын саны кобойгондуктөн, ата-энелердин кошумча тайпа ачуу үчүн суроо талабы өскөндүктөн Кыргыз Республикасынын Министирлер кабинетинин №257 токтомуна ылайык, бир тайпадагы максималдуу балдардын саны чектелгендигине байланыштуу. Кошумча тайпа ачуу зарылдыгы келип чыккан. Жогорудагы маалыматтарды эске алып Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2025-2026-жж окуу жылына карата “Келечек шамы” мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча тайпа ачууга макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектегиVIII сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

№ 9 ТОКТОМ

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагына караштуу Курбан-Кара айылынын тургуну Боронбаев Сүйүнбайдын ижара акысынан бошотуп берүү жөнүндө**

Отуз-Адыр айыл аймагына караштуу Курбан-Кара айылынын тургуну Боронбаев Сүйүнбайдын ижара акысынан бошотуп берүү жөнүндө арызын карап чыгып Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айыл аймагына караштуу Курбан-Кара айылынын тургуну Боронбаев Сүйүнбайдын жердин келишими бүткөнгө чейин ижара акысынан бошотулсун.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР** |

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VIII сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 10 ТОКТОМ**

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдарындагы көчөлөрүнө татыктуу инсандардын ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Кыргызстандагы географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзамынын 7-беренесине жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Зымырык участкасындагы Кеңеш айылынын 1-көчөсүнө “Ормонов Орозбекдин” ысымын ыйгарууга макулдук берилсин.

2. Жаны-Кызыл-Суу айылынын жаштар көчөсүнө “Усөнов Алимбекдин” ысымын ыйгарууга макулдук берилсин .

3. Курбан-Кара айылынын тургуну Косимов Маткаримдин өзүнүн жашаган көчөсүнө ысымын ыйгарууга макулдук берилсин.

4. Присавай айылынын тургуну Авханов Мирзаны өзү жашаган көчөсүнө ысымын ыйгарууга макулдук берилсин.

5 .Курбан- Кара айылына караштуу “Дөң маала” айылындагы көчөгө Муса Мамаюсупов көчөсүнө чейин “Бейшебаев Улукбектин” ысмын ыйгарууга макулдук берилсин.

6. Курбан-Кара айылына караштуу “Тоок кана” айылындагы ички көчөсүнө “Авазов Ысмайылдын” ысмын ыйгарууга макулдук берилсин.

7. Курбан-Кара айылынын кире беришиндеги “Бай мааланин” биринчи көчөсүнө “Маматисаков Абдикаримдин” ысымын ыйгарууга макулдук берилсин.

8. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн. ( Э.Эшиев)

9. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенештин укук, мыйзамдуулук жана административдик иштер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (А.Беделов)

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы Д.Атанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
|---|---|---|

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенештин кезектеги VIII сессиясынын**

**(сегизинчи чакырылыштагы)**

**№ 11 ТОКТОМУ**

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Отуз-Адыр -Таза-Суу муниципалдык ишканасына социалдык мекемелер үчүн акча которууга макулдук берүү жөнүндө**

Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинен Отуз-Адыр-Таза-Суу муниципалдык ишканасына социалдык мекемелердин ичүүчү таза суу акысына акча которуу боюнча талкуулуп ,кеңешип Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинен Отуз-Адыр-Таза-Суу муниципалдык ишканасына социалдык мекемелердин (мектеп, бала бакча) ичүүчү таза суу акысына 100000 (жүз миң) сом акча каражатын которууга макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
|---|---|---|

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенештин кезектеги VIII сессиясынын**

**(сегизинчи чакырылыштагы)**

**№ 12 ТОКТОМУ**

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы жана ФЭБ башчысынын 2025-жылдын 9-айында аткарылган иштери боюнча жасаган отчетун “канааттандырарлык” деп табуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын II бөлүмүнүн 34-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы **Эшиев Эльдияр Чынасбековичтин** 2025-жылдын 9-айында аткарылган иштер боюнча жасаган отчету **“канааттандырарлык”** деп табылсын.

2. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы **Атамбиева Гульмира Дүйшеевнанын** 2025-жылдын 9-айында аткарылган иштер боюнча жасаган отчету **“канааттандырарлык”** деп табылсын.

**Отуз-Адырайыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-СУУ РАЙОНУ
ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ОТУЗ-АДЫР**

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенештин кезектеги VIII сессиясынын**

**(сегизинчи чакырылыштагы)**

# № 13 ТОКТОМУ

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

## Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү көп жылдык бак-дарактарга ижара акысын көтөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын II бөлүмүнүн 34-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетин көбөйтүү максатында Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү мамлекеттик (кайра бөлүштүрүү) фондунун жерлерине төлөнүүчү ижара акы :
а) 1 га көп жылдык мөмөлүү дарактарга: - 1 жылдан 8 жылга чейин- 10000 сомдон;
- 8 жылдан жогору-20000 сомдон бекитип берүүгө макулдук берилсин.
2. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү кайракы жер салыгын 62 сомго бекитип берүүгө макулдук берилсин.

3 .Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айылдарындагы эшик алды, ашыкча жана ыңгайсыз жерлерге түз келишим түзүүгө макулдук берилсин.

4. Отуз-Адыр айыл аймагында көп жылдык бак тиккен жарандардын ижара мөөнөтүн түз узартууга Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнөн чыккан 2025-жылдын 18-февралындагы №49 буйруктун негизинде иш алып барууга макулдук берилсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн. (Э.Эшиев)

6.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер жана агрардык маселелер боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын
айылдык кеңешинин төрагасы Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенештин кезектеги VIII сессиясынын**

**(сегизинчи чакырылыштагы)**

**№ 14 ТОКТОМУ**

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айылдарын көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча типтүү эрежелерди бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы “Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү иш аракеттер планы жөнүндө” №305 Жарлыгынын 5-пунктунун талабына ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айылдарын көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо эрежелерин бекитүүнү Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айылдарын көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча типтүү эрежелерди бекитүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн. (Э.Эшиев)

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук жана административдик иштер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (А.Беделов).

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенештин кезектеги VIII сессиясынын**

**(сегизинчи чакырылыштагы)**

**№ 15 ТОКТОМУ**

25.09.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу жайыт жерлерди өндүрүштүк максатка өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Отуз-Адыр айыл аймагынын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу максатында социалдык жана өндүрүштүк багыттагы объектилерди куруу үчүн “Айыл чарба жерлери” категориясындагы жерлерди “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформациялоо) үчүн Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 “Жер участокторун которуу жөнүндө” мыйзамынын 1-главасынын 3-беренесине жана Жер Кодексинин 2-главасынын 13-беренесине ылайык, Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айыл аймагындагы төмөндөгү айыл чарба багытындагы жерлерди өндүрүштүк багытка өткөрүүгө макулдук берилсин:

а) Кызыл-Абад айылынын Ак-Жар участкасындагы №282 контурундагы 0,86 га жер аянтын арматура завод куруу үчүн;

б) Отуз-Адыр айылындагы тыт катарынан 0,77га сок завод куруу үчүн;

в) Курбан-Кара айылындагы түндүк чыгыш тарабындагы № 1188, № 1191а, № 1191б, контурундагы 5,94 га кайрак айдоо аянтын жана №1189а, №1190, №1192, №1200 контурундагы 2,51 га жайыт жер аянтын жалпы 8,45 га жер аянтына таштандыны кайра иштетүүчү завод курууга;

г) Курбан-Кара айылынын түндүк-чыгыш тарабындагы №1188, №1206 контурундагы Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн кайра бөлуштүрүү фондунун 26,34 га кайрак айдоо аянтын жана №1190, №1201, №01204 контурундагы 1,38 га жайыт жер аянтын жана № 1209 контурундагы Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн кайра бөлүштүрүү фондунун 3,98 га сугат жер аянтын жалпы 31,83 га жер аянтына логистикалык борбор курууга;

д) Фархад айылындагы 1,30га жер аянтына өндүрүштүк ишкана куруу үчүн өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга (трансформациялоого)

2. Отуз-Адыр айыл аймагы боюнча жүргүзүлүп жаткан инвентаризацияга 50000 ( элүү миң) сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн .(Э.Эшиев).

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенешинин жер жана агрардык жер маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн. (Н.Жусупов).

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
|---|---|

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз IX сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 1 ТОКТОМ**

13.10.2025 Отуз-Адыр айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 23-сентябрындагы “IV Элдик Курултайды өткөрүү” жөнүндө Жарлыгын ишке ашыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын ” Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине, Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айылдык кеңешинин (VIII шайланган) депутаттарынын 2025-жылдын 13-октябрындагы кезексиз IX сессиясынын №1 протоколунун негизинде Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 23-сентябрындагы “IV Элдик Курултайды өткөрүү” жөнүндө Жарлыгын ишке ашыруу максатында Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Маданият үйүндө өткөрүлсүн.
2. Жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарын өткөрүү боюнча жооптуулар №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3 Жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарын өткөрүү графиги, өкүлдөрдүн санын бекитүү нормасы, иш-планы №3,4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. IV Элдик Курултайга катышуучу делегаттарын шайлоо боюнча коомдоштуктун жыйынын 2025-жылдын 1-ноябрында Отуз-Адыр айылындагы М.Жаманкулов орто мектебинин окуу залында өткөрүү белгиленсин.
5. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча топтун курамына тапшырылсын.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылдын 8-октябрындагы кезексиз IX сессиясынын № 1 токтомунун

1 тиркемеси.

| **№** | **Ф.А.А** | **Ээлеген кызматы** |
|---|---|---|
| 1 | Д.Атанов | Төрага |
| 2 | А.Аматова | Катчы |
| 3 | Мурзаев.А.А | Депутат, төраганын орун басары |
| 4 | Аматов.А.Т | Депутат, комиссиянын төрагасы |
| 5 | Кадырова.Ж | Аялдар кеңешинин төрайымы |
| 6 | Абдурасулов.М | Депутат |
| 7 | Абжапаров.Т | Аксакалдар сотунун төрагасы |

Жооптуу катчы: Аматова.Т.Н

Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылдын 8-октябрындагы кезексиз IX сессиясынын № 1 токтомунун

2 тиркемеси

Жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарын өткөрүү боюнча жооптуулар

| № | Айылдардын аталышы | Жооптуулар | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|---|
| 1 | Отуз-Адыр | Жакыпов Н<br>Тезекбаева Н<br>Абдурасулов М | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 2 | Зымырык | Тешебаев А<br>Абдыкадырова А<br>Эргешбаева М | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 3 | Кара-Добө | Калбеков А<br>Абдал к Кызжибек<br>Мурзаев А | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 4 | Кызыл-Абад | Кайыпов Э<br>Абдимажитов Ч<br>Матаипова Г | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 5 | Кыш-Абад | Абсатаров У<br>Сатимбаев Б<br>Туйчиев Ш | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 6 | Савай-Арык | Абдувалиев С<br>Досбаева Г<br>Саданов Т | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 7 | Фархад | Акимов А<br>Досбаева Г<br>Саданов Т | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 8 | Ынтымак | Тешебаев А<br>Абдыкадырова А<br>Эргешбаева М | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 9 | Ж.Кызыл-Суу | Аликулов<br>К,Эргешбаев К<br>Кудайбердиева З | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 10 | Тынчтык | Акимов А<br>Досбаева Г<br>Саданов Т | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 11 | Сары-Колот | Авазов Э<br>Тойчиев М<br>Абабакиров Т | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 12 | Ак-Колот | Авазов Э<br>Тойчиев М<br>Абабакиров Т | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 13 | Курбан-Кара | Матураимов Э<br>Жусупов Н<br>Абдиева Б | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |
| 14 | Присавай | Жумабаева К | Айыл башчы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Жусупов Н<br>Абдиева Б | Депутат<br>Депутат |
| 15 | Бөрүлүк | Авазов Э<br>Тойчиев М<br>Абабакиров Т | Айыл башчы<br>Депутат<br>Депутат |

Жооптуу катчы Т.Аматова

Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025- жылдын 8-октябрындагы кезексиз IX сессиясынын № 1 токтомунун

3 тиркемеси

Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүндө Элдик Курултайга өкүлдөрүн санын бекитүү нормасы, иш-планы

| № | Иш-чаралар | Өткөрүү убактысы | жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктун жыйындар жөнүндө чечимди сессияда кабыл алуу:; Жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарын өткөрүүчү жерди жана убактысын аныктоо | 2025-жылдын 8-октябрь кезексиз сессиясында №___ токтому 2025-жылдын 23-октябрына чейин | Отуз-Адыр айылдык кеңештин жумушчу тобу |
| | Жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарына катышуучулардын саны | 150 | Жумушчу топ |
| | Жумушчу топтун курамы | 15 | Жумушчу топ |
| 2 | Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарынын протоколдорун чогултуп жалпылоо,жергилдиктүү коомдоштуктун жыйындарына катышуучуларынын тизмесин тактоо, сапаттык жана тармактык курамы боюнча маалымат даярдоо, керектүү коомдоштуктун жыйындарынын күн тартибин даярдоо | 2025-жылдын 30-октябрына чейин | Жумушчу топ |
| 3 | Отуз-Адыр айыл өкмөтүндө өтүүчү жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынга делегаттарды катыштыруу | 2025-жылдын 1-ноябрь күнү (ишемби) | Жумушчу топ |
| 4 | Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тууралуу жергиликтүү коомдоштуктун жыйынынын протколун жана анкеталарды уюштуруу комитетине жөнөтүү | 2025-жылдын 3-ноябрына чейин | Жумушчу топ |

Жооптуу катчы Т.Аматова

Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025- жылдын 8- октябрындагы кезексиз IX сессиясынын № 1 токтомунун

4 тиркемеси

Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүндө IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо үчүн жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү графиги

| № | Айылдардын аталышы | Элдик жыйындын өтүүчү жайы | Элдик жыйындын өтүүчү күнү, сааты | Төртүнчү элдик курултайга келүүчү делегаттардын саны | Элдик жыйынды өткөрүүгө жооптуулар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Отуз-Адыр (Центр,Зымырык) | Маданият үйү | 17.10.2025 саат 10-00 | 30 | айылдын депуттары, жумушчу топ |
| 2 | Кара-Дөбө | № 9 М.Тешебаев а.о.м | 18.10.2025 саат 10-00 | 9 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 3 | Кызыл-Абад | №55 К.Зулпиев а.о.м | 19.10.2025 саат 14-00 | 8 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 4 | Кыш-Абад | №102 М.Тешебаев а.о.м | 20.10.2025 саат 10-00 | 9 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 5 | Савай-Арык | №11 Ж.Атабаев а.о.м | 20.10.2025 саат 10-00 | 7 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 6 | Фархад | Сайит-Мурат көчөсү | 20.10.2025 саат 10-00 | 6 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 7 | Ынтымак | Мечит | 21.10.2025 саат 10-00 | 8 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 8 | Жаңы-Кызыл-Суу | №63 Октябрдын 70 жылдыгы о.м | 21.10.2025 саат 14-00 | 9 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 9 | Тынчтык | Фархад көчөсү | 21.10.2025 саат 14-00 | 6 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 10 | Сары-Колот | № 95 КЖантошов а/о м | 21.10.2025 Саат 14-00 | 10 | айылдын депуттары,жумушчу топ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 11 | Ак-Колот | №136 С.Карыбеков а.о.м | 22.10.2025 Саат 14-00 | 8 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 12 | Курбан-Кара | №3 Н.Исанова.о.м | 22.10.2025 Саат 14-00 | 9 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 13 | Шерали | №8 А.Кулботоев а/о м | 23.10.2025 Саат 14-00 | 10 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 14 | Присавай | №128 Т.Кадырбаев а.о.м | 23.10.2025 Саат 14-00 | 6 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 15 | Тынчтык | №13 С.Бекмуратов а.о.м | 23.10.2025 Саат 14-00 | 8 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| 16 | Бөрүлүк | №8 А.Кулботоев а.о.м | 23.10.2025 Саат 14-00 | 7 | айылдын депуттары,жумушчу топ |
| | | | | | |
| 17 | Отуз-Адыр | Маданият үйү | 01.11.2025 саат 10-00 | 150 | Жумушчу топ, айылдын депутаттары |

Отуз-Адыр айыл аймагынын
айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Т.Аматова